# “АЙГИНЕ”
## МАДАНИЙ-ИЗИЛДӨӨ БОРБОРУ ТАРАБЫНАН ДАЯРДАЛГАН ЭТНОГРАФИЯЛЫК МАТЕРИАЛДАР ТУУРАЛУУ ПИКИР

“Айгине” маданий-изилдөө борбору тарабынан мага рецензиялоо үчүн жиберилген материалдар, негизинен 10 бөлүмдөн турат. Жалпысынан алганда, демилгечи топтун жакшы ниет менен жолго чыккандыгы көрүнүп турат. Алар айрым, прикладдык маанидеги булактарга таянып, кыргыз тамак-аш маданиятынын негизги өрнөктөрүн тизмелеп, алар тууралуу кыскача маалымат берүү далалатын жасашкан. Эл аралык калыптарга салуу аракети байкалат. Мен бул иштерди, эгерде улантыла турган болсо, абдан маанилүү, практикалык да, илимий да мааниге ээ жумуштун алгачкы кадамдары деп эсептейм.

Бирок, бул ишке киришкен адамдардын адис этнолог, этнограф, этносоциолог жана тамак-аш технологдордун жардамына муктаж экендиктери байкалбай койбойт. Мисалы, (1) мындай иштин аягына ийгиликтүү чыгуу үчүн сөзсүз түрдө **талаа материалдарынын** (эл арасынан жыйналган оозеки, жазма же практикалык материалдардын) колдонулуусу зарыл. Ал эми мен карап чыккан бөлүмдөр дээрлик кулинардык максат менен жазылган, жалпыга белгилүү булактарга негизделген.

Андан соң, (2) колдонулган термин жана концепттер дайыма эле туура пайдаланылган эмес. Алсак, тамак-аш түрлөрүн **бейзат маданият** үлгүлөрү катары эсептеген учурлар бар. Тамак-аш түрлөрүнүн бардыгы элдин **материалдык маданият** системасына кире тургандыгы белгилүү.

Тамак-аш түрлөрүнө берилген сыпаттоолор (3) үстүрт жана так-даана эмес. Өлкөбүздө тамак-аш маданиятын дүйнөгө таанытуу тажрыйбасынын аздыгы, стилдин калыптана электиги да себеп болуп жаткан сыяктуу.

Жыйынтыктап айтарым, мага жиберилген иштер демилге катары колдоого татыктуу.

Ошентсе да, иштин мындан кийинки этаптарында пайдасы тиер деген үмүт менен төмөнкү, талаа материалдарынын негизинде жазылган эмгектердин карап чыгылышын, жок дегенде материалдарды системага салуу методикасынын пайдаланылышын сунуш кылар элем:

**Дан-эгин, мөмө-жемиш жана жашылчалар памир кыргыздарынын тамактануу системасында**: Этнографиялык изилдөө. – Бишкек: Бийиктик, 2011.– 153 б. (Монография).

**Памир кыргыздарынын сүттөн жана эттен жасалган тамак-аштары**: Этнографиялык изилдөө. – Бишкек: Бийиктик, 2011. – 216 б. (Монография).

**Памир кыргыздарынын тамактануу системасы**: ритуал жана турмуш, салттуулук жана жаңылануу: Этнографиялык изилдөө. – Бишкек: Бийиктик, 2011. – 193 б. (Монография).

**Памир кыргыздарынын тамак-аш маданияты:** Этнографиялык изилдөө / Үч томдук / 1-том: Илимий макалалар /Жооп. ред.: Э. Ж. Маанаев, О. К. Каратаев. – Үрүмчү, 2016. – 466 б.

**Памир кыргыздарынын тамак-аш маданияты:** Этнографиялык изилдөө / Үч томдук / 2-том: Монография / Жооп. ред.: Э. Ж. Маанаев, О. К. Каратаев. – Үрүмчү, 2016. – 537 б.

Мына ушул изилдөөлөрдү пайдаланып, материал кайрадан иштелгенден кийин дагы бир жолу таанышып чыгып, кайрадан пикир жазып берүүнү, эгерде керек деп табылса, түзүчүлөр менен иштешүүгө да даяр экендигимди да билдирем.

Терең урмат менен,

**Кайыпов Сулайман Турдуевич**,
Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер,
тарых илимдеринин доктору, профессор.